КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛУСУ
ЖУМГАЛ РАЙОНУ
КЫЗЫЛ-ЖЫЛДЫЗ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЫЗЫЛ-ЖЫЛДЫЗСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Кызыл-Жылдыз айыл аймагынын айылдык кеңешинин V чакырылышынын кезектеги 15-сессиясынын
ТОКТОМУ № 5-15-2

23-декабрь 2022-жыл Кызыл-Жылдыз айылы

**Кызыл-Жылдыз айыл аймагынын территориясындагы ирригациялык курулмаларды муниципалдык менчикке кабыл алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Мүлккө болгон муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамынын 2 жана 19-беренелерине, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, "Кайдуулат"суу пайдалануучулар ассоциациясынын мүчөлөрүнүн жалпы жыйынынын ирригациялык курулмаларды муниципалдык менчикке берүү жөнүндө чечими тууралуу Кызыл-Жылдыз айыл өкмөт башчысынын сунушун угуп Кызыл-Жылдыз айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1."Кайдуулат" суу пайдалануучулар ассоциясынын мүчөлөрүнүн жалпы жыйынынын ирригациялык курулмаларды муниципалдык менчикке берүү жөнүнүндө суроо-талабы канааттандырылсын.

2.Кызыл-Жылдыз айыл өкмөтүнүн башчысы:

1) "Кайдуулат" суу пайдалануучулары менен ирригациялык курулмалар түрдө мүлктү кабыл алуу-берүү актын түзсүн.

2) "Кайдуулат" суу пайдалануучулар ассоциациясы менен ирригациялык курулмаларды берүү келишимине кол койсун, аны мамлекеттик натариустан кубөлөндүрсүн жана мамлекеттик каттоо кызматтарынын органдарына каттасын.

3) Ирригациялык курулмаларды муниципалдык менчик реестрине камтысын.

3.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин экономикалык маселелер боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага Жолдошбек уулу Жоодар